**Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектеби 2021-2022-окуу жылына карата китепканада өтүлгөн иш чараларга**

Жаңы окуу жылы окуучулардын жаңы үмүттөрүн, билимге умтулууларын арттыруу үчүн мектептердин эшигин кеңири ачты. Мектептин чакан китепканасы атайын иш - планы түзүп, өзүнүн ишин баштады. Оперативдүү түрдө окуунун экинчи күнүнөн тартып 15 сентябрга чейин 1-класстан 11- класска чейин комплектисине фонддогу окуу китептери таратылды. Бул боюнча ишти так жана жоопкерчиликтүү жүргүзүү үчүн журналга берилген жана алынган китептер жазуу жүзүндө такталды.

Педкеңешмеде атайын пункт киргизилип директордун буйругу менен ар бир жоголгон же жарактан чыккан окуу китеби үчүн класс жетекчиге, окуучуга айып төлөнөрү фонддогу китептин сакталышына көмөк бермекчи.

Ишти уюштурууда айлык план түзүлүп, мектептен чечүүгө параллелдүү тематикалар менен байланыштырылды.

Окуучулардын жыл башында окуу китеп менен камсыз болушу 75%болчу.Жыл ичинде жаны китептер келип,жылдын аягында 79,53%ти түздү.

Жылдык план мектеп директору тарабынан бекитилди.

15-сентябрь "Билим күнүнө" карата "Ата Журтум асыл мекеним!"деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.
Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинине USAID тарабынан 1-4 класстарга сүрөттүү жомок китептер,көптөгөн кызыктуу көркөм китептер таратылган.Окуучулар китептерди кызыгуу менен алып окуп жатышты.
23-сентябрь «Мамлекеттик тил» күнүнө карата иш—чаралар өткөрүлдү.
"Силер үчүн"Китеп дүйнөсү аттуу китеп көргөзмөсү уюштурулду.

«Мектеп боюнча китептердин сыртталышы, сакталышын текшерүү рейддер жүргүзүлүп турду.

Мугалимдер күнүнө көркөм окуу конкурстары уюштурулду.

«Кызыгуу менен окуйбуз « деген темада класстар арасында көркөм окуу конкурсу уюштурулду.

Окуу жылынын китепканачы алдын алуу түзүлгөн графиктин негизинде 1-4 класстар үчүн китепканага саякат өткөрүлдү.

Окуучулар каникул учурунда мектепке келип китепканадан кызыктуу жомок китептерди алып окуп жатышты. 5-6кл. арасында көркөм адабиятка кызыккандар көп.

Экинчи жарым жылдыкта Д10 отчету тапшырылды.

«Ч.Айтматов калеми менен дүйнөнү багынткан чыгаан жазуучу» китеп көргөзмө уюштурулду.

Каникул учурунда 3-4-5-кл.окуучуларды «Жомок дүйнөсүнө саякат» деген тема да иш -чара жүргүзүлдү. Балдар жомокторду окуп айтып берип инсценировка даярдашты. Бул боюнча мектептин китепканадагы китеп көргөзмөсү уюштурулду жана кооз китепчелер жасалды.

Патриоттук ырлар конкурсу үчүн декламациялар даярдалып «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген темада класстар аралык көркөм окуу өтүлдү.Март ,апрель айларында 1-4-класстардын окуучуларынын арасында "Үй бүлөбүз менен бирге окуйбуз"конкурсу болуп өттү."Сыйкырдуу баштыкча"уюштурулуп,окуучулар бири-бирине өткөрүп берип,активдүү катышышты.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата кече уюштурулуп,өтүлдү.Окуучулар китеп жөнүндө көркөм ырларды айтып,эки топко бөлүнүшүп жомок окуп,жомокту ролдоштуруп аткарышты,сүрөт тартышты,тапшырмаларды аткарышып,кече кызыктуу өттү.

Окуу жылы аяктаганда ар бир класстарга китептерди таза, толугу менен өткөрүүгө эскертүү берилди.Жоготуп алган китептер болсо,ордуна китеп алып берүүлөрү эскертилди.

Документациялар өз убагында тиркелип, баардык эсептөөлөр так жана убагында аткарылып турду.

"Биздин сүйүктүү акын жазуучулар"(бурч,буклет,) уюштурулуп,кече өтүлдү.Китепканачынын отчету тапшыпырылды.

Китепканачы: Керим кызы Айжан

**Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин китепканачысынын 2020-2021-окуу жылына карата китепканада өтүлгөн иш чаралар**

Өлкөбүздөгү болуп жаткан КОВИД-19 байланыштуу 2020-2021-окуу жылы аралыктан окушту.Оперативдүү түрдө 1-класстан 11-класска чейин график түзүлүп,фонддогу окуу китептери таратылып,окуучулар окуу китептери менен камсыз кылынды.

Окуучулар жалпы китеп менен камсыз болушу **77,89%** ти түздү.

Ишти уюштурууда ылайык план түзүлүп,мектептен чечүүгө паралелдүү тематикалар менен байланыштырылып,директор тарабынан бекитилди.

Аралыктан окутуу учурунда окуучулардын китеп окууга болгон кызыгуусун арттыруу. Башталгыч класстын окуучуларына атайын даярдалган электрондук жана аудио форматындагы жомок китептер берилип,жатты.Тематикалык иш-чараларды уюштуруу боюнча 23-сентябрь “Кыргыз тили кылымдарды карыткан”деген темада видео жасалып,окуучуларга жиберилип,көрүштү жана кайтарым байланыш түзүлдү. “Сүйүктүү окурман” Китеп дүйнөсүнө кош келдиңиздер!деген темада видео жасалып,жиберилди.“Улуу залкар жазуучубуз-Чыңгыз Айтматов!” видеолор,китепчелер жасалып,чыгармалары тууралуу сүрөт конкурсу болду.Д-10 отчету даярдалып,тапшырылды.

“Биздин сүйүктүү акын жазуучуларыбыз”деген темада китепчелер жасалып,видеолор жасалып,класстык сабак өтүлдү.

1-класстан 11-класстар арасында “Китеп биздин досубуз”деген темада аралыктан программа түзүлүп,видеолор жасалып фестиваль болуп өттү.

“Эң мыкты китеп күйөрманы” 23-апрель Китеп күнүнө карата видеолор жасалып,китеп окуу коңкурсу жана класстык сааттар өтүлдү.

“Эң мыкты китеп окуучу класс” конкурсу болуп,мыктылар тандалып,макталды.

Жыл жыйынтыкталып май айынын аягында китептер ремонттолуп,мектептин китепканасына өткөзүлдү.Китепканачынын отчеттору тапшырылды.

Китепканачы: Керим кызы Айжан